**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

2025-жылдын 17-марты, № 171-т

Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

1. Кыргыз Республикасынын аймагында россия рубли менен операцияларды жүргүзүүдө экономикалык коопсуздукту камсыз кылуунун алкагында ушул тескеме кабыл алынган учурдан тартып 6 (алты) айдан ашпаган колдонуу мөөнөтү менен пилоттук долбоор жүргүзүлсүн.

2. “Борбордук Азия Капитал Банкы” ачык акционердик коому төмөнкүлөр боюнча эсептешүү банкы болуп аныкталсын:

1) жеке адамдардын Россия Федерациясына/Россия Федерациясынан россия рублинде трансчек аралык акча которуулары боюнча операцияларды, анын ичинде эсеп ачпастан акча которуулар, Кыргыз Республикасынын банктарында телефон номери жана банк картасы боюнча которуулар системалары боюнча операцияларды жүзөгө ашыруу боюнча;

2) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 56-главасынын колдонулушуна туш келген юридикалык жактарды кошпогондо, юридикалык жактардын Россия Федерациясына/Россия Федерациясынан россия рублинде трансчек аралык акча которуулары боюнча операцияларды жүргүзүү боюнча;

3) бир кардарга бир ай ичинде 3 000 000 (үч миллион) рублден жогору суммалар боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында накталай жана накталай эмес россия рубли менен алмашуу операцияларын жүргүзүү боюнча.

3. “Борбордук Азия Капитал Банкы” ачык акционердик коомуна төмөнкүлөр сунушталсын:

1) бул тескеменин 2-пунктун ишке ашыруу боюнча зарыл болгон уюштуруу жана башка чараларды көрүү;

№ 012486 *

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

ТЕСКЕМЕ
РАСПОРЯЖЕНИЕ

от 17 марта 2025 года № 171-р

В целях обеспечения стабильности финансовой системы Кыргызской Республики, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики»:

1. В рамках обеспечения экономической безопасности при проведении операций с российским рублем на территории Кыргызской Республики провести пилотный проект со сроком действия не более 6 (шесть) месяцев с момента принятия настоящего распоряжения.

2. Определить открытое акционерное общество «Капитал Банк Центральной Азии» расчетным банком:

1) по осуществлению операций по трансграничным денежным переводам физических лиц в российских рублях в/из Российской Федерации, в том числе по системам денежных переводов без открытия счета, переводов по номеру телефона и банковской карты в банках Кыргызской Республики;

2) по осуществлению операций по трансграничным денежным переводам юридических лиц в российских рублях в/из Российской Федерации, за исключением юридических лиц, подпадающих под действие главы 56 Налогового кодекса Кыргызской Республики;

3) по осуществлению обменных операций с наличными и безналичными российскими рублями на территории Кыргызской Республики по суммам свыше 3 000 000 (три миллиона) рублей в течение одного месяца на одного клиента.

3. Рекомендовать открытому акционерному обществу «Капитал Банк Центральной Азии»:

1) принять необходимые организационные и иные меры по реализации пункта 2 настоящего распоряжения;

2) обеспечить соблюдение требований банковского законодательства, законодательства в сфере противодействия финансированию преступной деятельности и легализации

№ 012487 *

2) банктык мыйзамдардын, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринин талаптарын сактоону камсыз кылуу.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына төмөнкүлөр сунушталсын:

1) бул тескемени ишке ашырууга багытталган тиешелүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

2) бул тескемени мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде көзөмөлдөнүүчү уюмдардын аткаруусун камсыз кылуу.

5. Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

(отмыванию) преступных доходов, а также международных обязательств Кыргызской Республики.

4. Рекомендовать Национальному банку Кыргызской Республики:

1) принять соответствующие нормативные правовые акты, направленные на реализацию настоящего распоряжения;

2) обеспечить исполнение настоящего распоряжения поднадзорными организациями в рамках установленных законодательством полномочий.

5. Контроль за исполнением настоящего распоряжения возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**